**«Кыргыз Республикасынын «1993-жылдын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбооруна негиздеме-маалымкат**

**1. Максаты жана милдеттери**

Бул долбоордун максаты жана милдеттери «1993–жылдын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактыруу болуп саналат.

**2. Сүрөттөө бөлүгү**

«Кыргыз Республикасынын «1993-жылдын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин 2021-жылдын 26-октябрындагы №570 буйругу менен бекитилген Регламентинин талаптарына ылайык иштелип чыккан.

Токтомдун долбоору менен «1993-жылдын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактыруу каралган, ал Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине, эл аралык асыроо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга эл аралык асыроо боюнча күбөлүк берүү боюнча ыйгарым укуктарды жүктөөнү аныктайт.

**3. Боло турган социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочу, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Бул мыйзам долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары боюнча маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык бул Мыйзам долбоору коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сайтына жайгаштырылат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдагы 17-августундагы № 377-б буйругуна ылайык, Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун Бирдиктүү порталынын сайтына жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Сунушталган Мыйзам долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо булактары жана керектөөлөр жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо тууралуу маалымат**

Сунушталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларына ылайык ишкердик ишин жөнгө салууга багытталган эмес, талдоо өткөрүүнү талап кылбайт.

**Министр К.Б. Базарбаев**